**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫЗЫЛ-КЫЯ ИНДУСТРИАЛДЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИ**

Кызыл-Кыя индустриалдык-
педагогикалык колледжинин
Педагогикалык Кеңешинин
«25» 12 2023-ж.
№4/1 токтому менен жактырылган.

**«Бекитемин»**
Кызыл-Кыя индустриалдык-
педагогикалык колледжинин
директору __________ Л.Муратова
«25» 12 2023-ж.

# *2024-2028-ЖЫЛДАРГА КАРАТА КЫЗЫЛ-КЫЯ ИНДУСТРИАЛДЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН СТРАТЕГИЯЛЫК ИШ ПЛАНЫ*

Кызыл-Кыя ш. 2023-ж.

# МАЗМУНУ

1. Жалпы маалыматтар……………………………………………………..2

2. КИПКнин миссиясы жана максаттары……….............................3

3. Биринчи максатка ылайык стратегиялык милдеттер…………. . 4

4. Экинчи максатка ылайык стратегиялык милдеттер…………….5

5. Үчүнчү максатка ылайык стратегиялык милдеттер……….........6

6.Төртүнчү максатка ылайык стратегиялык милдеттер……………6

7. Бешинчи максатка ылайык стратегиялык милдеттер……………7

8. Алтынчы максатка ылайык стратегиялык милдеттер……….......8

9. Жетинчи максатка ылайык стратегиялык милдеттер…………...10

10.Стратегиялык планга ылайык ишке ашыруудагы

күчтүү жана алсыз жактарыбыз……………………………………..11

11.Стратегиялык планды ишке ашыруудагы жыйынтыктар…......12

# 1. Жалпы маалыматтар

Колледж алгач 2014-жылдын 24-январында (№134479-3309-У-е ОКПО коду 28431049) кесиптик орто билим берүү бөлүмү өзүнчө юридикалык жак катары Кызыл-Кыя гуманитардык-экономикалык институтунун алдындагы «Кызыл-Кыя билим берүү колледжи» болуп каттоодон өткөн. Баткен облусунун юстиция башкармалыгы тарабынан 11-февраль 2016-жылы №134479-3309-М-е, ИУЖК коду 28431049 "Кызыл-Кыя колледжи" болуп өзгөртүлүп, кайрадан каттоодон өткөн. Окуу жайдын аты 2020-жылы 23-декабрында "Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык колледжи" деген аталышка өзгөртүлүп, кайра каттоодон өткөн.

Жайгашкан жери: Кыргыз Республикасы, Баткен облусу, Кызыл-Кыя шаары, И.Жусубалиев көчөсү №126. Электрондук дареги: kipk2014@mail.ru , сайты www.kipk.kg .

Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык колледжинин ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, Жарандык Кодексинин, Билим берүү жөнүндөгү мыйзамынын, колледждин Уставынын жана башка нормативдик-укуктук актылардын негизинде жүргүзөт.

Кызыл-Кыя колледжи Баткен областынын социалдык-экономикалык абалын жана маданиятын өнүктүрүү, аймактагы билим берүү жана мектепке чейинки билим берүү мекемелерин кадрларга болгон муктаждыгын канааттандыруу максатында ачылган. Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык колледжи "Башталгыч класстарда окутуу", "Мектепке чейинки билим берүү", "Укук таануу", "Финансы", "Автоматташтырылган системаларды эсептөө техникаларын программалык камсыздоо", "Колдонмо информатика", "Чет тили", "Котормо иши", "Экономика жана бухгалтердик эсеп" ж.б. адистиктери боюнча адистерди даярдайт.

## 2. Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык колледжинин миссиясы жана максаттары

**Миссиясы:**

- Мезгилдин талаптарына жооп берген кесипкөй, компетенттүү, атаандаштыкка жөндөмдүү адистерди даярдоо, мыкты билимге ээ болгон окуучуларды тарбиялоо;
- Республикадагы алдыңкы колледждердин катарына кирүү.

**Максаттары:**

- Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык колледжинде билим берүүнүн жана тарбиялоонун сапатын камсыздоо менен өлкөнүн өнүгүүсүнө өз салымын кошууга даяр, атаандаштыкка жөндөмдүү адистерди даярдоо;
- Баткен облусунун маданиятын, тарыхын, экологиясын, этнопедагогикасын салттуу билимдерин жана Кыргыз Респубдликасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө салым кошкон инсандардын ишмердүүлүгүн, ж.б. тармактарын изилдөө, үйрөнүү менен кесипкөй кадрларды даярдоо;
- Аймактагы билим берүү жана мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин, өндүрүштүн өкүлдөрүнүн кадрларды даярдоого, негизги кесиптик билим берүү программаларын түзүүгө түздөн-түз катышуу мүмкүнчүлүктөрүн жаратуу;
- Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык колледжинин маалыматтык-технологиялык инфраструктурасын жакшыртуу жана бардык окуу-түзүмдүк бөлүмдөрдө иш кагаздарын жүргүзүүнү электрондук форматка өткөрүү;
- Колледждин каржылык жана материалдык-техникалык абалын жакшыртуу аркылуу окуу жайдын окуу базасын жана окутуучулардын социалдык-экономикалык абалын жакшыртууга жетишүү;
- Азыркы ааламдаштыруунун шартында окуу жайлар менен байланышты күчөтүү, тажрыйба алмашуу аркылуу эл аралык билим берүү мейкиндигине кирүү;
- Окуу жайдагы маданий, спорттук жана маалыматтык тармактарды өнүктүрүү менен студенттерди мекенчилдикке тарбиялоо жана колледждин ишмердүүлүгүн коомчулукка кеңири жеткирүү.

# 2024-2028-жылдарда Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык колледжин өнүктүрүүдөгү стратегиялык багыттар жана максаттар

## 3. Биринчи максатка ылайык стратегиялык милдеттер

| Максаттар | Милдеттер | Жооптуулар | Аткаруу мөөнөтү (жылдар) | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 2024 | 2025 | 2026 | 2027 | 2028 |
| 1-максат. Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык колледжинде билим берүүнүн жана тарбиялоонун сапатын камсыздоо менен өлкөнүн өнүгүүсүнө өз салымын кошууга даяр, атаандаштыкка жөндөмдүү адистерди даярдоо. | 1.1.2024-2028-жылдарга карата кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келген стратегиялык планды иштеп чыгуу жана бекитүү. | *Директордун орун басары, Педагогикалык Кеңеш* | + | + | + | + | + |
| | 1.2. Билим берүү программалары боюнча көз карандысыз аккредитациядан кийинки иш чараларды жүргүзүү. | *Структуралык бөлүмдөр, дирекция* | + | + | + | + | + |
| | 1.3. Профессордук-окутуучулар курамынын компетенттүүлүгүн билим берүүнүн жана эмгек рыногунун талаптарына ылайык жогорулатуу. | *Окутуучулар, кафедра башчылары, ОУБ, дирекция* | + | + | + | + | + |
| | 1.4. Сапат менеджмент системасын ишке киргизүү жана анын туруктуу иштөөсүн камсыз кылуу. | *Дирекция, структуралык бөлүмдөрдүн жетекчилери* | + | + | + | + | + |
| | 1.5.Эмгек рыногунун жана иш берүүчүлөрдүн талаптарын эске алуу менен орто кесиптик билим берүү программаларынын мазмунун жакшыртуу. | *Кафедра башчылары, ОУБ, директордун орун басарлары, директор* | + | + | + | | |
| | 1.6.Предметтерди жана окутуучуларды тандоого студенттерди калыптандыруу жана шарт түзүү. | *Структуралык бөлүмдөрдүн жетекчилери* | + | + | + | + | + |
| | 1.7. Окутуучулук курамдын тил билүү деңгээлин аныктоо жана жакшыртуу. | *Мамлекеттик тилге жооптуулар, кафедра башчылары* | + | + | + | + | + |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1.8. Көп тилдүү билим берүүнү күчөтүү толук ишке ашыруу. | *Кафедра башчылары, дирекция* | + | + | + | + | + |

## 4. Экинчи максатка ылайык стратегиялык милдеттер

| Максаттар | Милдеттер | Жооптуулар | Аткаруу мөөнөтү (жылдар) | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 2024 | 2025 | 2026 | 2027 | 2028 |
| 2-максат. Баткен облусунун тарыхын, экологиясын, экономикалык интеграциясын, өнүгүүгө салым кошкон инсандардын ишмердүүлүгүн, ж.б.тармактарын изилдөө, үйрөнүү менен кесипкөй кадрларды даярдоо. | 2.1. Колледжде илим жана илимий-усулдук изилдөөнү каржылоого заманбап жолдорун издөө: жергиликтүү уюмдар жана эл аралык фонддор менен келишимдерди түзүүгө жетишүү. | *Кафедра башчылары, структуралык бөлүмдөр, дирекция* | + | + | + | + | + |
| | 2.2.Жергиликтүү жана чет өлкөлүк уюмдар менен биргелешкен илимий долбоорлорду түзүүгө ж-а ишке ашырууга жетишүү. | *Дирекция* | + | + | + | + | + |
| | 2.3. Профессордук-окутуучулук курамдын ортосунда илимий, илимий-усулдук изилдөө иштери боюнча конкурстарды, конференцияларды, семинарларды уюштуруу. | *Кафедра башчылары, ОУБ, директордун орун басарлары, директор* | + | + | + | + | + |
| | 2.4.Окутуучулардын илимий эмгектерин эл аралык илимий басылмалардан жарыялоону күчөтүү. | *Окутуучулар, структуралык бөлүмдөр, дирекция* | + | + | + | + | + |
| | 2.5. Студенттер арасында илимий-практикалык конференцияларды, тегерек столдорду уюштуруу. | *Кафедра башчылары, ОУБ, Жаштар комитети, директордун орун басарлары, директор* | + | + | + | + | + |
| | 2.6. Кошумча билим берүү максатында кыска мөөнөттүү курстарды жандандыруу. | *Структуралык бөлүмдөр, дирекция* | | + | + | + | |

## 5. Үчүнчү максатка ылайык стратегиялык милдеттер

| Максаттар | Милдеттер | Жооптуулар | 2024 | 2025 | 2026 | 2027 | 2028 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **3-максат.** Аймактагы билим берүү жана мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин, өндүрүштүн өкүлдөрүнүн кадрларды даярдоого, негизги кесиптик билим берүү программаларын түзүүгө түздөн-түз катышуу мүмкүнчүлүктөрүн жаратуу. | **3.1. Иш берүүчүлөрдү окуу пландарды, негизги кесиптик билим берүү программаларын биргелешип иштеп чыгууга тартуу.** | *Кафедра башчылары, ОУБ, дирекция* | + | + | + | + | + |
| | **3.2. Иш берүүчүлөрдүн сунуштары боюнча адистерди максаттуу даярдоо.** | *Кафедра башчылары, дирекция* | + | + | + | + | + |
| | **3.3. Бүтүрүүчүлөр ассоциациасын түзүү менен байланышты күчөтүү.** | *Кафедра башчылары, ОУБ, кадрлар бөлүмү* | + | + | + | + | + |
| | **3.4.Стейкхолдерлердин сунушуна ылайык жаңы адистиктерди ачууга жетишүү** | *Кафедра башчылары, дирекция* | + | + | + | + | + |

## 6.Төртүнчү максатка ылайык стратегиялык милдеттер

| Максаттар | Милдеттер | Жооптуулар | Аткаруу мөөнөтү (жылдар) | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 2024 | 2025 | 2026 | 2027 | 2028 |
| **4-максат.** Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык колледжинин маалыматтык-технологиялык инфраструктурасын жакшыртуу жана бардык окуу-түзүмдүк бөлүмдөрдө иш кагаздарын электрондук форматка өткөрүү. | **4.1. AVN маалыматтык системасынын бардык окуу түзүмдүк бөлүмдөргө толук кандуу ишке киргизүү.** | *AVN боюнча инспектор, окуу- түзүмдүк бөлүмдөр* | + | | | | |
| | **4.2. КИПКтин бардык окуу корпустарын үзгүлтүксүз интернет тармагы, AVN маалымат системасы жана Wi-Fi менен камсыздоо.** | *AVN боюнча инспектор, окуу- түзүмдүк бөлүмдөр, дирекция* | + | | | | |
| | **4.3. Окуу-түзүмдүк бөлүмдөрдө документ жүргүзүүнүн бардык түрлөрүн электрондук форматка өткөрүү,** | *Дирекция, Структуралык бөлүмдөр* | + | + | + | + | + |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | ошондой эле электрондук документ алышууну жолго коюу. | | | | | | |
| | 4.4.Коопсуздуктун жана жумуш учурундагы тартип бузуулардын алдын-алуу үчүн Видео-көзөмөл системасын 2-окуу корпусуна орнотуу. | *Дирекция* | + | | | | |
| | 4.5.Электрондук китепкананы өнүктүрүү. | *Китепкана кызматкерлери* | + | + | + | + | |
| | 4.6. Санариптик жана виртуалдуу лабораторияларды, инновациялык борборлорду түзүү. | *Дирекция, сырткы байланыш жана материалдык-техникалык бөлүмү* | | | + | + | + |
| | 4.7.Окуу жайдын сайтын жандандыруу. | *AVN боюнча инспектор, окуу- түзүмдүк бөлүмдөр, дирекция* | + | + | + | | |

## 7. Бешинчи максатка ылайык стратегиялык милдеттер

| Максаттар | Милдеттер | Жооптуулар | Аткаруу мөөнөтү (жылдар) | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 2024 | 2025 | 2026 | 2027 | 2028 |
| 5-максат. Колледждин каржылык жана материалдык-техникалык абалын жакшыртуу аркылуу окутуучулардын социалдык-экономикалык абалын жакшыртууга жетишүү. | 5.1. Жаңы окуу имаратын куруу үчүн инвесторлорду тартуу. | *Директор* | | | + | + | + |
| | 5.2. Жабык спорт аянтчасын бүтүрүү. | *Директор* | | | + | + | + |
| | 5.3.Заманбап ашкана куруу. | *Директор* | | | + | + | + |
| | 5.4.Эмгек акыга кошумча төлөмдөрдү аныктоо үчүн окутуучулук ж-а көмөкчү курамды, аттестациялоонун жобосуна ылайык аттестациялоодон өткөрүү. | *Финансылык комиссия, директор* | + | + | + | + | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 5.5. Окуу, окуу-усулдук колдонмолор менен камсыздоо. | *Китепкана кызматкерлери, башкы эсепчи* | + | + | + | + | + |

## 8. Алтынчы максатка ылайык стратегиялык милдеттер

| Максаттар | Милдеттер | Жооптуулар | Аткаруу мөөнөтү (жылдар) | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 2024 | 2025 | 2026 | 2027 | 2028 |
| 6-максат. Азыркы ааламдаштыруунун шартында окуу жайлар менен байланышты күчөтүү, тажрыйба алмашуу аркылуу эл аралык билим берүү мейкиндигине кирүү. | 6.1. Окуу жайлар менен келишимдерди түзүүнү көбөйтүү жана натыйжалуулугун арттыруу. | *Дирекция* | + | + | + | + | + |
| | 6.2.Окутуучулар жана студенттер менен академиялык мобилдүүлүк системасын ишке ашырууга жетишүү.Олимпиадаларга конкурстарга катышуу. | *Дирекция, структуралык бөлүмдөр* | + | + | + | + | + |
| | 6.3. Долбоорлор менен иштөөгө студенттерди жана окутуучуларды тартуу. | *Кафедра башчылары* | + | + | + | + | + |

## 9. Жетинчи максатка ылайык стратегиялык милдеттер

| Максаттар | Милдеттер | Жооптуу бөлүмдөр | 2024 | 2025 | 2026 | 2027 | 2028 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 7-максат. Окуу жайдагы маданий, спорттук жана маалыматтык тармактарды өнүктүрүү менен студенттерди мекенчилдикке тарбиялоо жана колледждин ишмердүүлүгүн коомчулукка жеткирүү. | 7.1. Колледж аткарган иштерди коомчулукка жеткирүү, пропагандалоо студенттерди мекенчилдикке тарбиялоо | *Дирекция, структуралык бөлүмдөр* | + | + | + | + | + |
| | 7.2.Окуу жайдын маалыматттык каналдарын өркүндөтүү (You Tube, сайты ж.б) | *Жаштар комитети ж-а дирекция* | + | + | + | + | + |
| | 7.3. Саясат таануучулар, коомдук ишмерлер, медицина кызматкерлери, адистиктерлер боюнча көрүнүктүү инсандар менен | *Структуралык бөлүмдөр* | + | + | + | + | + |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | жоолугушууларды уюштуруу. | | | | | | |
| | 7.4. Республикалык, облосттык, шаардык иш-чараларга, акцияларга, конкурстарга катышуу. | *Жаштар комитети, ОУБ* | + | + | + | + | + |
| | 7.4. Колледждин спорт тармагын жалпылоо жана өнүктүрүү үчүн спорт секцияларын түзүү жана жандандыруу. | *ПГИ кафедрасы, Жаштар комитети* | + | + | + | + | + |
| | 7.5.Окутуучулардын жана студенттердин сергек жашоо образын калыптандыруу.<br>-Студенттердин ортосунда спартакиадаларды уюштуруу;<br>-Тегерек стол, жоолугушууларды уюштуруу;<br>-СПИД, кургак учук, баңгилик, алкоголизм ж.б. көйгөйлөр боюнча жоолугушууларды уюштуруу; | *ПГИ, ТИИТ кафедралары, Жаштар комитети* | + | + | + | + | + |
| | 7.6. КР Өкмөтүнүн «Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө» мыйзамын толук ишке ашырууга жетишүү. | *Структуралык бөлүмдөрдүн башчылары* | + | + | + | + | + |

Эскертүү! Бул стратегиялык планда Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык колледжин өнүктүрүүнүн негизги милдеттери аныкталды. Милдеттердин негизинде ар бир окуу түзүмдүк бөлүмдөр өздөрүнүн иш пландарын түзөт. Милдеттерди чечүүнүн мөөнөттөрүн, механизмдерин аткаруучу жоопту адамдар белгиленет.

## 10. 2024-2028-жылдарга карата Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык колледжин өнүктүрүүнүн стратегиялык планын ишке ашыруудагы күчтүү жана алсыз жактарыбыз

**Күчтүү жактарыбыз:**

1. Билим берүү программаларынын окутууда, иш пландарды түзүүдө миссия менен шайкеш келүүсү;

2. Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык колледжинин академиялык бедели жана анын таасири;

3.Стейкхолдерлердин колледждин миссиясын терең түшүнүүсү жана тыгыз байланышта болгондугу;

4. Материалдык-техникалык базасын жакшыртуу мүмкүнчүлүгүнүн бар экендиги;

5. Окутуучулардын инновациялык окуу-усулдук каражаттарды пайдалануусу;

6. Билим берүү программаларынын сапатын аныктоодо мониторингдин такай жүргүзүлүүсү;

7. Колледждеги көрнөк-жарнактарды замандын талабына шайкеш даярдалгандыгы;

8. Билим берүү мекемелери, ишканалар менен тыгыз байланышта иштөөсү;

9. Мамлекеттик тилде билим берүү мүмкүнчүлүгү;

10. Жаштар комитетинин демократиялуулугу жана студенттердин өзүн-өзү башкаруусу жакшы жолго коюлгандыгы

11. Устат-шакирт усулунун жакшы деңгээлде иштеп жаткандыгы;

12. Квалификациясын жогорулатуу боюнча иш чаралардын жүргүзүлүүсү.

13. Окутуучулардын КТББнын мүмкүнчүлүктөрүн пайдалана алуусу;

14. Окуу жайда аралыктан окутуу мүмкүнчүлүгүнүн жакшы жолго коюлгандыгы.

15. Илимий иштердин жолго коюлушу.

**Алсыз жактарыбыз:**

1. Кээ бир адистиктердин окуу-методикалык колдонмолорунун аздыгы жана электрондук китепкананын солгундугу;

2.Студенттердин (окуучулардын) орус тилин, чет тилин билүү деңгээлинин төмөндүгү;

4. Колледждин сайтынын модернизацияланбагандыгы;

5. AVN маалыматтык системасынын иштешин өркүндөтүү керектиги;

6. Окуу жайдын өзүнүн имаратынын жоктугу;

7. Санариптик жана виртуалдык лабораторияларды түзүү менен окуу жайдын маалымат каражаттарын жандандыруу зарылдыгы;

8. Окутуучулардын жана студенттердин мобилдүүлүгүн жандандыруу;

## 11. Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык колледжинин 2024-2028-жылдарга карата өнүктүрүүнүн стратегиялык планын ишке ашыруу төмөнкүдөй жыйынтыктарын берет:

1. 2028-жылы КИПКи өлкөбүздөгү алдынкы окуу жайлардын катарына кирет;

2. Колледжде заманбап имаратты куруу аракети башталат;

3. Заманбап спорт зал, ашкана пайдаланууга берилет;

4. AVN маалыматтык системасы толук ишке кирет;

5. Колледж санариптик жана коопсуз окуу жайга айланат;

6. Өндүрүш менен билим берүү мекемелери менен болгон байланыш күчөйт;

7. Колледждин жарчысын ачуу менен сайты жаңылануу менен коомчулукка көңүлүн бура алат;

8.Виртуалдык жана санариптик лабораториялар ачылат;

9.Илимий потенциалы жогору кадрлардын саны көбөйөт;

10. Мамлекеттик жана көп тилдүү билим берүү ишке ашат;

11. Колледж социалдык түйүндөр аркылуу маалыматтарды ачык-айкын жеткире алууга жетишет;

11.Колледж тапшыруучу абитуриенттердин саны өсөт, географиясы жана масштабы кеңейт;

12.Окутуучулардын жана кызматкерлердин орточо эмгек акысы жогорулайт;

13.Окуу-усулдук адабияттар менен толукталып, электрондук китепкана толук кандуу иштей баштайт.

Директордун орун басары: Кельдибеков И.М.